| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын Илимий-техникалык кеңешинин 2013-жылдын 6-августундагы № 5 чечими менен жактырылган | | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын 2013-жылдын 12-августундагы № 135 буйругу менен бекитилген |
|---|---|---|

**Кыргыз Республикасында мыкты ойлоп табууларды тандоо жөнүндө жобо**

## I. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасында мыкты ойлоп табууларды тандоо жөнүндө бул жобо (мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №593 токтому менен бекитилген 2012-2016-жылдарда Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчикти жана инновацияларды өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын милдеттерин ишке ашыруу боюнча Иш-чаралардын планынын 1.1.2-бөлүмүн ишке ашыруу максатында иштелип чыккан.
2. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын (мындан ары – Кыргызпатент) Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду (мындан ары – ИМ Мамфонду) тарабынан жүргүзүлүүчү ата мекендик ойлоп табууларды жыл сайын тандоонун шарттарын жана тартибин белгилейт.
3. Тандоонун максаты болуп келечектүү ата мекендик иштелмелерди табуу, алардын иштеп чыгуучуларына көмөк көрсөтүү жана сыйлоо, мыкты ойлоп табуулардын маалымат базасын түзүү саналат.

## II. Мыкты ойлоп табууларды тандоо боюнча комиссия

4. Комиссиянын курамы Кыргызпатентке караштуу Ойлоп табуучулар кеңешинин штаттан тышкары эксперттеринен жана мүчөлөрүнөн Кыргызпатенттин төрагасынын буйругу менен бекитилет.
5. Комиссиянын отурумдары суроо баракчаларынын келип түшкөнү боюнча, бирок жарым жылда бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Комиссиянын отурумунун күн тартиби боюнча материалдар комиссиянын отурумуна чейин беш күн калганда, кечиктирилбестен берилет.
6. Комиссиянын отуруму эгер анда анын мүчөлөрүнүн жарымынан көбү катышса, укуктуу болот.
7. Комиссиянын чечими отурмга катышкандардын добуштарынын жөнөкөй көпчүлүгү менен кабыл алынат жана отурумга төрагалык кылуучу менен катчысы кол койгон протокол менен таризделет.

## III. Тандоонун критерийлер

8. Мыктылардын санына кирген ойлоп табуулар төмөнкүдөй критерийлерге жооп бериши керек:

- ойлоп табуунун техникалык жактан жогору деңгээли;

- техникалык чечимдин өзгөчөлүктүүлүгү;

- ойлоп табууда чечилген маселенин актуалдуулугу;

- өндүрүштө пайдаланылышы;

- күтүлгөн экономиклык натыйжа;

- чечилүүчү маселенин татаалдыгы;

- товарлардын тейлөө кызматынын импорттун ордун басуучулугу жана экспорту;

- жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууга жана курчап турган чөйрөнү коргоого көмөк көрсөтүү жөндөмдүүлүгү;

- социалдык маселени чечүү жөндөмдүүлүгү.

9. Техникалык жактан жогору деңгээлге ээ болгон ойлоп табууларга заманбап тенденцияларга туура келген илимдин жана технологиялардын артыкчылыктуу багыттарына кирген ойлоп табуулар, ошондой эле көп тармактарда пайдаланыла турган ойлоп табуулар кирет.

10. Өзгөчө техникалык чечимге коюлган маселени чечүүнүн жаңы принциптерине негизделген ойлоп табуулар кирет.

11. Ойлоп табууда чечилүүчү маселенин актуалдуулугу анын экономиканын, экологиянын жана социалдык саясаттын артыкчылыктуу маселелерине ылайык келиши боюнча бааланат, мисалы: чыгарыла турган продукциянын сапатын жана атаандаштыкка жарамдуулугун жогрулатуу; материалдык жана энергетикалык ресурстарды үнөмдөө, курчап турган чөйрөнү коргоо, эмгек шарттарын жакшыртуу ж.у.с.

12. Ойлоп табуунун жетишерлик техникалык иштегендиги жана анын өндүрүштө пайдаланууга даяр экендиги жөнүндө корутунду өтүнмөнүн материалдарында ойлоп табуунун чиймеси, сыноо натыйжалары же өнөр жайда сыноонун натыйжалары болгондо, чыгарылат.

13. Жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын мыкты ойлоп табууларын аныктоодо, Комиссия ойлоп табууну баалоонун критерийлеринин бири катары көргөзмөлөрдөн алган сыйлыктарын талдоо эске алынат.

## IV.Мыкты ойлоп табууларды тандоонун тартиби

14. Мыкты ойлоп табуулар Кыргыз Республикасынын Ойлоп табууларынын мамлекеттик реестринде (мындан ары – Мамреестр) катталган ата мекендик ойлоп табуулардын жана аларга патент берүү жөнүндө чечим кабыл алынган ойлоп табууларга өтүнмөлөрдүн ичинен тандалат.

15. Ойлоп табууларга катталган патенттердин тизмеси квартал сайын ИМ Мамфондуна мамреестрлер тарабынан жөнөтүлөт.

16. ИМ Мамфонду ушул жобонун 1 жана 2-тиркемелерине ылайык форма боюнча патент ээлерине маалымат каттарды жана суроо баракчаларын жөнөтөт.

17. Патент ээлери сынакка катышууга макулдук алгандан кийин ИМ Мамфонду Комиссиянын кароосуна жалпыланган материалды киргизет.

18. Комиссия тандаган ойлоп табуулар мыкты ойлоп табуулардын маалымат базасына киргизилет.

## V. Мыкты ойлоп табуулардын патент ээлерин жана авторлорун сыйлоо жана мыкты ойлоп табууларды тандоонун жыйынтыгын чагылдыруу

19. Мыкты ойлоп табууларды тандоо боюнча жыл сайын иштин жыйынтыгын чыгаруу Интеллектуалдык менчиктин Улуттук жана Эл аралык күнүнө бир ай калганда жүргүзүлөт. Кабыл алынган чечимдердин жыйынтыктары боюнча патент ээлерине кабарлоолор жөнөтүлөт.

20. Комиссия тарабынан берилген сунуштардын негизинде, Кыргызпатент тиешелүү буйрук чыгарат жана Интеллектуалдык менчиктин Улуттук жана Эл аралык күнүндө мыкты ойлоп табуулардын авторлорун, патент ээлерин Кыргызпатенттин дипломдору жана ардак грамоталары менен сыйлайт.

21. Мыкты ойлоп табуулар жөнүндө маалыматтар “Кыргызпатенттин кабарлары: интеллектуалдык менчиктин жана инновациялардын маселелери” деген илимий-практикалык журналында жарыяланат жана Кыргызпатенттин жана ИМ Мамфондунун расмий сайтында жайгаштырылат.

**1-тиркеме**

### Маалыматтык карта

Кыргызпатенттин төрагасынын буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мыкты ойлоп табууларын тандоо жөнүндө жобого ылайык тандалган ойлоп табуулардын тизмеси _______________

(__________тартып, мезгилдин ичинде)

өтүнмөнүн №

патенттин №

Ойлоп табууга өтүнмө берген датасы

Ойлоп табуунун аталышы

Патент ээси (ээлери)

Автор (лор)

Сыйлыктары жана медалдары

**2-тиркеме**

**Суроо барагы**

Урматтуу______________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

Кыргызпатенттин төрагасынын _______ буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасында мыкты ойлоп табууларды тандоо жөнүндө жобого ылайык жана Кыргыз Республикасынын мыкты ойлоп табууларын аныктоо максатында ИМ Мамфонду №патентти________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

_______________________ мыкты ойлоп табуулардын маалыматтар базасына киргизүү үчүн авторлорго же патент ээлерине суроо жүргүзөт.

Суроонун негизги милдети – ойлоп табууга өтүнмөнүн сыпаттамасына кирбеген ойлоп табуу жөнүндө кеңири маалымат алуу.

Аларга төмөнкү суроолор кирет:

- Пайдаланууга ойлоп табуунун даярдыгы?
- Ооба
- Жок
- иштеп чыгуу баскычындабы?
- Ооба
- Жок

- ИИТЖИ баскычындабы?
- Ооба
- Жок
- Тажрыйба жүргүзүлүп жатабы (жүргүзүлдү)?
- Ооба
- Жок
- пайдалануунун башка түрүбү?
- Ооба
- Жок
- патент ээси (өтүнмө ээси) өз ойлоп табуусун чет өлкөдө патенттемекчиби?
- Ооба
- Жок
- Ойлоп табуу өндүрүштө пайдаланылабы?
- Ооба
- Жок
- патентке укук өткөрүлүп берилгенби?
- Ооба
- Жок
- патентке лицензия сатылганбы?
- Да
- Нет
- ойлоп табуу Кыргызстандын көргөзмөлөрүндө, салондорунда жана жарманкелеринде көрсөтүлгөнбү?
- Ооба
- Жок
- ойлоп табуу чет өлкөлөрдүн көргөзмөлөрүндө, салондорунда жана жарманкелеринде көрсөтүлгөнбү?
- Ооба
- Жок
- «Кыргызпатенттин кабарчысы: интеллектуалдык менчик жана инновациялардын маселелери» илимий-практикалык журналга, ошондой эле башка басылмаларга ойлоп табуулар жөнүндө жарыялоо?

_______________________________________________________________________________

(басылмаларды көрсөткүлө)

- Кыргызпатенттин сайтында Интернет тармагына келечектүү ойлоп табууларды жайгаштыруу?

_______________________________________________________________________

(аталышын көрсөткүлө)

- Кыргыз Республикасында жана чет өлкөлөрдө Ойлоп табуулардын, жаңы техниканын жана технологиялардын эл аралык салондорунда өткөрүлүүчү көргөзмөлөргө жана жарманкелерге катышуу боюнча сунуштар?

________________________________________________________________________________

(сунуштарды көрсөткүлө)

- иштелме колдонулуучу чөйрөнү, аны пайдаланууда жетишилүүчү техника-экономикалык натыйжаны көрсөткөн жарнамалык мүнөздөмөдөгү зарыл маалыматтар.

(маалыматтарды көрсөткүлө)

Сизден жогорудагы суроолорго жооп алгандан кийин, Мамфонд Кыргыз Республикасынын мыкты ойлоп табууларын аныктоочу комиссиянын кароосуна маалымат даярдайт.